Ата тилеги

Эрмегим элең эркелеп, кызым, Колумдан кеттиң эртелеп, кызым. Теңиңе кошуп узатып жатам, Теңирим бакыт берсе деп, кызым.

Кайырма:

Ай, жыл да өтөр, Улана, кызым.

Турмуш бул татаал, Убара, кызым.

Атадай камкор болуп жүргөн деп, Тапшырдым сени кудама, кызым.

Кайырма:

Бой тумар сындуу, Көрүнгөн кызым. Бой жеткен кезде, Бөлүнгөн Бакыттын кушун колуңа кармап Бактылуу өткөн өмүрдөн, кызым.

Кайырма:

Тартылган үйгө желегим, кызым, Таарынып келем дебегин, кызым. Ак тилегимди ыр менен сунуп, Арнаган сага белегим, кызым.